# МАНАСЧЫ А. ЖУМАНАЛИЕВДИН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

**Айталиева Т. К.**

**Филология илимдеринин кандидаты,**

**доцент, ТалМУ, aitalieva. 75@mail. ru**

**УДК:398**

*«Манас» эпосу кыргыз элинин баа жеткис улуу мурасы. Кылымдардын кыйырын карытып, мезгилдин өтүшү менен кемип бөксөрбөй, тескерисинче жаңы кошумчаларды өзүнө сиңирип, тарыхтын урунттуу учурларын өзүнө камтып, биздин күнгө чейин келип жеткен улуу эпосубуз өзүнүн мухиттей чалкыган көлөмү менен адамзат акыл оюн тандантып келгени чындык. Миллиондогон саптарды ыр нөшөрү кылып төгүп, аны эсинде жат сактаган элге таң берип, баа берген окумуштуулардын саны арбын. Өткөн кылымдарда карт тарыхта изи бар кыргыз элинде эпикалык поэзия гүлдөп өнүгүп, өзүнүн бийиктигин багындырган. Бул тууралуу орус окумуштуусу В.В. Радловдун өзүнүн эмгегинде “Азыркы учурда кара кыргыздарда эпикалык поэзиянын гүлдөп турган мезгили”- деп жазып калтырган. Кыргыз элинде эпосту айлап, жылдап айтып түгөтө албаган адамдардын жашагандыгы белгилүү. Манасчылардын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу изилдөө иштери жолго коюлган. Бул илимий изилдөө ушул багытта жүргүзүлгөн иштердин бири деп айтууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *манасчы, устат, шакирт, эл чыгармачылыгынын кароосу, поэма, адилеттүү башкаруучу, хандык, аткаруу чеберчилиги, баш байге*

# ЖИЗНЬ И ТВОРЧЕСТВО МАНАСЧИ А. ЖУМАНАЛИЕВА

**Айталиева Т. К.**

**Кандидат филологичских наук,**

**доцент, ТалГУ, aitalieva.75@mail.ru**

*Эпос “Манас” бесценное наследие кыргызского народа. Испокон веков, с истечением времени не убавляясь, а наоборот прибавляясь с новыми художественными прибавлениями включил себя новых исторических моментов, дошедший до наших дней наш великий эпос, своим воистину океаническим объемом удивляющий умозрение мирового человечества - это истинный факт сегодняшнего дня. Миллионов строк стихов рассказывающих устно как ливневый дождь и сохраняющему таким объемом в памяти народа, удивляясь и оценивщих их талант ученых много. В прошедших веках имеющего свой след в дреней истории у кыргызского народа процветала эпическая поэзия и покоряла свои высоты. Об этом русский ученый В.В. Радлов своем труде указывал: “В данное время у кара кыргызов эпоха процветания эпической поэзии”. Известно по истории среди кыргызского народа жили люди, которые рассказывая эпос не могли заканчивать месяцами, а иногда годами. Исследование о жизни и творчестве манасчи-сказителей поставлено на нужный уровень. Надо отметить, что это научная стаья является одной из проведенных работ в этом направлении.*

***Ключевые слова***: *манасчи, наставник, ученик, выставка народного творчества, поэма, справедливое управление, ханство, исполнительное творчество, главный приз*

**MANAS TELLER A. JUMANALIEV'S BIOGRAPHY AND CREATINGS**

**Aytalieva T. K.**

**candidate of philological sciences TalSU,**

**aitalieva. 75@mail. ru**

*The epos "Manas" is an invaluable legacy of the Kyrgyz people. From time immemorial, with the expiration of time it did not decrease, but vice versa was added with new artistic additions. It included new historical moments, our great epic that has reached our days, with its truly oceanic volume surprising speculation of world humanity is the true fact of today. Millions of lines of verses that verbally tell us speedily and keep such a volume in the memory of the people, scientists had a lot of surprise and appreciation of their talent.*

*In the past centuries, having had its mark in the old history, epic poetry flourished among the Kyrgyz people and conquered its heights. V. Radlov, a Russian scientist, pointed out this in his work: "At this time, the era of prosperity of epic poetry was near the Kara Kyrgyz's." It is known from history among the Kyrgyz people that people who told the epic could not finish for months and sometimes for years. Researching about the life and work of the manaschi-storytellers put on the right level. It should be noted that this scientific article is one of them, the work carried out in this direction.*

**Keywords:** *manaschi, mentor, student, exhibition of folk art, poem, fair ruling, khanate, performing arts, grand prize.*

Талант даарыган айтуучулук дарамети бийик адамдардын чыйырын андан ары улап, өнүктүрүп келген манасчылардан уучубуз кур эмес. Бүгүнкү күндө манасчылык өнөрү менен сөзгө алынып, эл арасында кадыр-барк күткөн бири –Асанкан Жуманалиев. Ф. и. д. , манастануучу Р. З. Кыдырбаева манасчыларды жашаган территориялары боюнча региондорго бөлүп Чүйлүк, Ысык-Көлдүк, Тянь-Шандык жана түштүктүк манасчылардын өкүлдөрү тууралуу маалыматтар өтө аз экендигин белгилеген. [1] Ошондуктан, аталган региондун манасчылары тууралуу изилдөө өтө зарыл. Таластык манасчылардын бири Асанкан Жуманалиев тууралуу жазууну туура таап, манасчынын чыгармачылык бейнесине, анын "Манасты" аткаруудагы чеберчилиги, салттуулукту кандайча сактап, жеке табылгалардын кандайча кошумчалай алгандыгы тууралуу маселелерге изилдөө жүргүзүүнү туура таптык.

Асанкан Жуманалиев Талас областынын Манас районунун Арал айылында 1947-жылы туулган. Манасчы өзүнүн "Манас" айтып калуусун төмөнкүчө

эскерет. Ал үйүндө апасы, карындашы болуп жашашчу экен. 12 жашында Ынаш манасчыга кездешет. Ынаш манасчы Асанкан Жуманалиевге баласындай мамиле жасап , ага “Манасты” аткарып берип турат. Үйүнө чакырып ар бир жылы кыштан жазга чейин эпосту аткарууну үйрөтөт. “Таалим алуу түпкү тегинде жеке эле манасчыларга гана эмес, акын-ырчылардын чыгармачылыгына да мүнөздүү белги.”- деп манастаануучу С. Мусаев жазып кеткен. [2] “Устаттан таалим алуу, кесиптин ички сырын өздөштүрүү убакыттын өтүшү менен Асанкан Жуманалиев айылдаштарынын арасында “Манас” аткарып, “бала манасчы” деп аталат. Бала кезинде “Манас” эпосун айтууга кызыгуусун ойготкон адамдар катары айылдаш аксакалдар Көчөрбай, Жуман, Кулубай, Жумашай, Жусупбек карыяларды эскерет. Өзгөчө кепке сөзгө жакын таятасы Бердибай жээнинин манасчы болушун абдан каалаган. Алар кичинекей баладан “Манас” айттырышып көрүшүп, бала кездеги кызыгуу, манасчы болууга далалаттануу, аракет манасчылык кесипти аркалоосуна таасирин тийгизген. Ошондогу мээрман карыялар бир эле учурда сүрөөнчү, бир учурда манасчыга эпосту кантип айтууга кеңештерин берип, манасчылык кесипти аркалоосуна өзгөчө таасир тийгизишкен. Алардын астейдил аракети улуу эпостун учугун улаган манасчынын чыгышына түрткү берген.

Манасчылык өнөрдү аркалаган таланттардын дээрлик көпчүлүгү эпосту айтып калуусун касиеттүү түш көрүү менен байланыштырышат. Манасчы Асанкан Жуманалиев “Манас” айтууга далалаттанып жүргөндө түшүндө бир нече ирет баатырларды жана алардын тулпарларын көргөн. “Манас” эпосун айтууда айтуучуга эң биринчи иретте эпосту айтууга кызыгуу зарыл, андан соң эпосту айтууга талаптанасың, аракет кыласың көп эмгектин натыйжасында гана манасчы болууга мүмкүн” деп манасчы өзүнүн кантип эпосту аткарып калгандыгын айтат. [3]

1972-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Бүткүл Союздук эл чыгармачылыгы кароолорунун катышуучусу. 1965-1968- жылдары ВДНХнын медалдары менен сыйланган. 1960-жылдары республикалык телефестивалдардын баш байгелерин жеңип алган.

Манасчы трилогиянын “Манас”, “Семетей” бөлүмдөрүн толук айтат. Бүгүнкү күндө манасчыдан жазылып алынган материалдардан “Алмамбеттин окуясы” китеп болуп жарыкка чыккан. КРУИАнын кол жазмалар фондусуна “Ажыбек датка ”, “Нурпери” поэмалары да жазылып өткөрүлгөн. [4]

Манасчы өзүнүн вариантын кагаз бетине жазып, басмадан чыгарууга даярдоодо. Ошону менен катар жакында Акышев Токтогул менен бирдикте окурмандарга “Манас Ордонун жаралышы” аттуу эмгекти тартуулашты. Ал Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти. “Манас Ордо” комплексинин “Манас” мектебинин башчысы болуп иштеген. Асанкан Жуманалиев өзүнүн шакирттерин да тарбиялаган. Алар Көчөрбаев Самат, Дүйшөбаев Аман аттуу жаш манасчылар. Манасчы өзү баа берген шакирти- Көчөрбаев Самат. Ал 2004- жылы манасчылардын республикалык сынагында баш байгени жеңип алган.

Манасчы Асанкан Жуманалиевдин аткаруусунда “Манас” эпосунан “Алмамбеттин окуясы” аттуу эпизод жазылып алынган. Манасчынын вариантынын сюжети төмөндөгүдөй өнүгөт. [5] Кытай каны Чылабанын Каракан, Алооке, Азизкан аттуу үч улуу болот. Чылаба үч уулуна ээлик кылуу үчүн жерлерди бөлүп берет. Улуу баласы Караканга Кытайдын улуу кандыгын, Алоокеге басып алган кыргыз жана башка элдердин жерин берип, кан ордосун Анжиянга орнотун берет. Кичүү уулу Азизканга Таңшандагы манжуларды башкартат. Чылаба дүйнөдөн өтөрдө кичүү уулу Азизканды чакарып алып керээз айтат. “Агаларыңдын ичтери тар кара мүртөз, сага жамандык жасашпас бекен. Эч убакта калыстыгыңдан жазба, элге карамдуу болсоң, эл дайыма сен тарапта болот”- деп дагы көп акыл үйрөтөт. Азизкан адилеттүү кан болгондуктан элдер аны урматташат. Бирок Азизкандын жасаган иштери өз бир туугандарына жакпайт.

Азизкандын жашы элүүдөн ашып калганда да бала көрбөйт. Балалуу болсом деген тилеги менен уул төрөп бере турган кыз издейт. Ушундай максат менен Алтай тоолорунда жашаган элдерди кыдырмакчы болот. Элге мергенчилик кылабыз деп айтышып ок даарыны мол алышып, курал-жарактарын шайланышып, алтымыш жигитин ээрчитип жолго чыгышат. Келберсиген кең Алтайдын кооз жер экенин көрүшөт. Азизкан жигиттери менен мергенчиликтин кызыгын көрүшүп, бир топ убакыт өтөт. Ошол мезгилде алар алыс жактан бир топ атчан адамдадарды көрүшөт. Ойлоруна ар кандай санаа бир келет. Азизкандарга топ атчандардын башчысы өзү алгач сөз таштап, алардын ким экендигин, бул жерге эмне себептен келгендиктерин сурайт. Азизкан аларга эч кандай жаман оюу жок экендигин, мергенчилик кылып жүрүп, кез келип калгандыгын айтканда аларды топ атчандардын башчысы үйүн көздөй ээрчитип жөнөйт. Булар келе жатканда Омбул алыстан көрүп, басып кирген жообу, же бул кандай бейтааныш адамдар болду экен деп ойлонот. Кызынын чогуу келе жатканын көрүп көңүлү жайланат. Омбул

Шорбу деген элдин каны болот. Ал баатырлыгы жагынан эч кимди алдына салбаган адам болгон. Жашы кыркка жеткенде бир кыздуу болот. Кызынын атын Алтынай коет. Жети жашка чыкканча үйүндө багып өстүрөт. Сегиз жашка келгенде артымда калган кызым кийин өкүнүчтө калбасын деп өнөр үйрөтүүнү туура көрөт. Кызын эркекче кийинтип, жаа, алма баш, очогор, кой чагыр атууну үйрөтөт. Чечендердин жанына кошуп, сөзгө мокок болбосун деп, түрдүү өнөрдү үйрөтүп тарбия берет. Кызы кызы эмес эле уулундай болуп бой жетет. Ал дагы атасындай элге карамдуу кыз болот. Азизкандар Омбулдукунан сый көрүшүп, Алтынайдын жигит эмес эле кыз экенин билгенден кийин анын атасынан анын колун сурайт. Атасы көп ойлонуп, кызын Азизканга берүүгө макул болуп, той өткөрөт. Азизкан менен Алтынай баш кошушат. Арадан бир нече убакыт өткөндөн кийин Алтынай эркек уул төрөйт. Уулуна чоң той өткөрүп, ат коё турган болот. Ат коё турган болгондо, ак сакалдуу карыя элдин алдына чыгып: “Баланын аты Алманбет болсун” деп батасын берет да, асмандан түшкөнү же жерден чыканы белгисиз көздөн кайым болот. Чогулгандар Алманбеттин келечекте тегин адам болбосун билишет. Бир жашка келгенде беш жашка чыккан баладай болуп көрүнөт. Бешке чыкканда жаа атат. Алты жашка чыкканда ата-энеси аны Ажыдаарга окууга берет. Ажыдаарда 8 жыл окуйт. Алманбет ал жерден жайчылыкты, чечендикти, көсөмдүктү, мергенчиликти үйрөнөт. Ажыдаарда окуу абдан кыйын болгон, алты миң бала окуйм деп барса, ошонун алтоосу гана аман калган. Алманбет кайтып келгенден кийин атасы ага кандыгын өткөрүп берген. Ал атасынын ордуна кан болгондон кийин көп чектен чыккан каадаларга тыюу салган. Кытайларда кандар калкын аралаганда алардын урматына адамдарды курмандыкка чалышкан. Алмамбет буга катуу тыюу салып, элдер абдан кубанышат. Анын жүргүзгөн иштери көпчүлүктүн колдоосуна ээ болот.

Вариантта “Коңурбай менен Алмамбеттин” чатагы Коңурбайдын Азизкандын “Кан-Жайлак” аттуу жайлоосун тартып алганынан кийин чыгат. Азизкан уулун Коңурбайга барып Алмамбет жолукканда экөө бир сөзгө келе албай чабыша кетишет. Коңурбай Алманбеттин оңой баатыр эмес экендигин билет. Жеңилип кала турган болгондо качып жөнөйт. Качып Караканга барат да , ага Алманбетти жамандайт. Булар атасы экөө бизге жакшылык кылар түрү жок. Элге жакшылык кылып, сооп иштегилери келет. Ойлорунда кандыгынды тартып алып, өздөрү гана бийлик жүргүзгүлөрү бар деп сөзүн аяктай электе, сырттан Алманбеттин келгендигин айтып, сакчылардын бири кирет. Коңурбай ичкери кирип кетет. Алмамбет кирип Каракан менен учурашып, келген жайын түшүндүрүп, Чылаба чоң атасы бөлүп берген “Кан –Жайлак” жайлоосун

Коңурбайдан кайтарып берүүсүн өтүнөт. Каракан Алмамбеттин сөзүн уккусу да келбей, басып келет. Ал барып Эсенкан менен кеңешип, Азизкандарды кантип чабып алууну сүйлөшүшөт. Бул тууралуу Эсенкандын кызы Бурулча угуп калат да, Алмамбетке айтып, качып кетип калуусун өтүнөт.

Каракандын жана Эсенкандын адамдары Алмамбеттерге каршы согуш ачышат. Алмамбетке атасы жана энеси да жардамдашып согушат. Согуш учурунда Азизкан менен Алтынай экөө тең көз жумушат. Алмамбет алардын сөөгүн коюп , кийин келсем табалбай калбасын деп жанына чырпык кыркып келип тигил, суу агызып коет. Эртең менен караса, Мажик экөөн көп кол курчап калган болот. Алманбет аларды түз качырып барып, кол салып бир нечесин аттан кулатып өтөт, калың кол артты көздөй качып калат Мунун баарын дүрбү салып, колго көз салып турган Нескара байкайт да, Алманбеттин баатырлыгына баа берип, эгер бул боюнча кайрылбай кетсе дагы бир беш-алты жылдан кийин келип чабат, Коңурбай Алманбеттин сураганын бербейби, душмандашкандан эч пайда таппайт деп ойлонуп турат. Бул мезгилде Алманбет, Мажик экөө артына кылчайып карабастан алыс узап кеткен болот. Манасчынын вариантында “Алманбеттин окуясы” ушундайча аяктайт. Салттуулуктун рамкасынан чыкпастан айтуучу өзүнүн жеке табылгаларын да кошумчалаган. Асанкан Жуманалиевдин айтуусундагы “Алманбеттин окуясын” атайын иликтөөгө алуу зарыл. Азырынча бул вариантта сюжеттик нук кандайча өнүккөндүгүнө гана кыскача токтолдук.

Таластык манасчылардын ичинен өзгөчө талантка эгедер, “Манас” айтуу менен эле чектелбей, манасчылардын муунун тарбиялоого аракет жумшаган устат, кыргыздардын уулу өнөрүн кадырлаган адам жана анын варианты, чыгармачылыгы тууралуу изилдөө жүргүзүү зарыл деп ойлойм.

**Пайдаланылган адабияттар:**


**1. Кыдырбаева Р. З. Эпос “Манас”. Генезис . Поэтика . Сказительство . Бишкек , 1996**
**2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том. , Бишкек , 2002**

**3.Айталиева Т. К. Таластык таланттуу манасчы.Журнал:Талас мамлекеттик университетинин илимий-практикалык конференциясынын жыйнагы.Талас, 2004**

**4. “Манас” энциклопедиясы. 2-том, Бишкек , 1995**

**5. Жуманалиев А. Алмамбеттин окуясы. Ош, 1995**